DOI:10.33942/sit1432 УДК 37.015.31

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АДЕКВАТТУУ ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ИЗИЛДӨӨ

**Качкын уулу А.[1], Керимбекова Э.К.[2]**

*(1) Ж.Баласагын атындагы КУУ, Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы, п.и.к., доцент, E-mail: kackynuulu@gmail.com*
*(2) Ж.Баласагын атындагы КУУ? Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы, магистрант, E-mail: kerimbekova.nurka@gmail.com*

***Аннотация.*** *Макалада башталгыч класстын окуучуларынын өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу маселеси, аны менен байланышкан ийгиликтүү окуу иш-аракеттеринин факторлоруна мисал келтирилет. Башталгыч мектеп курактын өзгөчөлүктөрү каралып, өзүн-өзү баалоонун түрлөрү жана окуу мотивация тууралуу маалыматтар талданган. Башталгыч класстын окуучуларынын өзүн-өзү баалоосунун компоненттери (акыл, мүнөз, бактылуулук, жөндөмдүүлүктөр, ишеним, авторитет) жана окуу мотивациясынын өзгөчөлүктөрү берилген. Башталгыч класстын окуучуларынын өзүн-өзү баалоосу жана окуудагы ийгиликтердин компоненттери боюнча эмпирикалык изилдөөнүн жыйынтыктары келтирилген, ошондой эле каралып жаткан көрсөткүчтөрдүн корреляциялык анализинин натыйжалары берилген. Башталгыч класстын окуучуларынын адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык шарттары берилген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч класстын окуучусу, өзүн-өзү баалоо, сабактагы жетишкендиктер, окуу ишмердүүлүгү, мотивация, таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк.*

# ИССЛЕДОВАНИЕ ФОРМИРОВАНИЯ АДЕКВАТНОЙ САМООЦЕНКИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Качкын уулу А.[1], Керимбекова Э.К.[2]**

*(1) КНУ им. Ж.Баласагына, Кафедра дошкольной, школьной педагогики и образовательных технологий, к.п.н. доцент, E-mail: kackynuulu@gmail.com*
*(2) КНУ им. Ж.Баласагына, Кафедра дошкольной, школьной педагогики и образовательных технологий, магистрантка, E-mail: kerimbekova.nurka@gmail.com*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается вопрос формирования самооценки учащихся начальной школы, приводятся примеры факторов успешной учебной деятельности, связанных с ней. Были рассмотрены особенности младшего школьного возраста и проанализированы данные о типах самооценки и мотивации к обучению. Представлены компоненты самооценки учащихся начальной школы (интеллект, характер, счастье, способности, уверенность, авторитет) и характеристики мотивации к обучению. Представлены результаты эмпирического исследования компонентов самооценки и успеваемости учащихся начальных классов, а также результаты корреляционного анализа рассматриваемых показателей. Даны психолого-педагогические условия формирования адекватной самооценки учащихся начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *ученик начальных классов, самооценка, успеваемость, учебная деятельность, мотивация, познавательная деятельность.*

# RESEARCH ON THE FORMATION OF ADEQUATE SELF-ESTEEM IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Kachkyn uulu A.**[1]**, Kerimbekova E.K.**[2]

*(1) Kyrgyz National University named after Zh.Balasagyn, Department of preschool, school pedogogy and educational technologies, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate professor, E-mail: kackynuulu@gmail.com,*
*(2) Kyrgyz National University named after Zh.Balasagyn, Department of preschool, school pedogogy and educational technologies, Master's student, E-mail: kerimbekova.nurka@gmail.com*

***Abstract.*** *The article examines the issue of forming the self-esteem of primary school students, provides examples of factors of successful educational activities related to it. The features of primary school age were considered and data on the types of self-esteem and motivation for learning were analyzed. The components of primary school students' self-esteem (intelligence, character, happiness, abilities, confidence, authority) are presented and characteristics of motivation to learn. The results of an empirical study of the components of self-assessment and academic performance of primary school students, as well as the results of a correlation analysis of the indicators under consideration, are presented. The psychological and pedagogical conditions for the formation of adequate self-esteem of primary school students are given.*
***Keywords:*** *junior high school student, self-esteem, success, educational activity, motivation, cognitive activity.*

**Киришүү.** Башталгыч мектеп курак - баланын жашоосундагы маанилүү этаптардын бири, бул мезгилде баланын психикасынын калыптанышы интенсивдүү жүрүп, мектепте алгачкы күндөн тартып атайын көндүмдөрдү талап кылат - түз отуруу, кунт коюп көңүл буруу, мугалимдин талаптарын аткаруу, эрежелерди сактоо ж.б., аталган милдеттемелерди толук аткарууга баланын мүмкүнчүлүгү жетпейт жана тапшырмаларды аткаруу баладан сабырдуулукту жана материалды тез “өздөштүрүү” жөндөмүн талап кылат [2]. Бул мезгилде мугалимдин баалоосу окуучунун өзүн-өзү баалоосунун маанилүү критерийи болуп саналат. Окуучу өзүн кантип баалаганына жараша, анын айлана-чөйрөгө болгон мамилеси, окуудагы жетишкендиктери, максат коюусу, жүрүм-туруму ж.б. аныкталат [4].

Өзүн адекваттуу баалоо, бул өзүнө ишенимин, окууга болгон мотивациясын жогорулатып, окуу ишинде гана эмес, башка чөйрөлөрдө да чагылдырылат [7]. Ошондуктан аталган тема актуалдуу, ал теориялык жана практикалык жактан далилдөөнү талап кылып, ар түрдүү багыттарда деталдуу изилдөөгө алынган жана көптөгөн авторлордун эмгектеринде чагылдырылган. Башталгыч класстын окуучуларынын өзүн-өзү адекваттуу баалоосун калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык шарттары боюнча Эльконин Д.Б., Матюхина М.В., Маркова А.К., Неймарк М.С., Выготский Л.С., Жумалиева Ж., Кожогелдиева К.М., Качкын уулу А. ж.б. тарабынан изилденип келген.

Изилдөөнүн **максаты** — башталгыч класстын окуучуларынын адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандыруунун натыйжалуулугун текшерүү.

Башталгыч мектеп курагында баланын өзүн-өзү баалоосу анын окуу процессге аралашуусу менен байланышып, ийгиликке жетүүсүнө оң таасирин тийгизип келет. Мына ушуга байланыштуу, өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу үчүн, натыйжалуу ыкмаларды жана каражаттарды колдонуу өтө маанилүү.

**Материалдар жана методдор**. Макала жазууда төмөнкү методдор колдонулган: психологиялык-педагогикалык адабиятты талдоо, синтездөө, жалпы илимий ыкмаларды колдонуу, психологиялык-педагогикалык эксперимент, сандык жана сапаттык маалыматтарды анализдөө.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Т.В.Дембо-С.Я.Рубинштейндин методикасы А.М.Прихожан тарабынан модификацияланган, Н.Г. Лусканованын методикасы “Мектепте мага эмне жагат?” жана А.А.Горчинскаянын “Башталгыч мектеп окуучуларынын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгү” методикалары колдонулду [9].

Башталгыч мектеп курагында бала, ким кадыр-баркка ээ болсо ошонун пикирин угуп, айткан сөздөрүн мыйзам катары кабыл алышат. Мындай кадыр-баркка мугалим ээ экенин барыбызга маалым, аны менен өз ара аракеттенүүдө жоопкерчилиги жана көңүл буруусу калыптанат, адекваттуу өзүн-өзүн баалоосу, адеп-ахлактык сапаттары жана мугалим тарабынан жеке инсандыктын оң сапаттарын калыптандыруу үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт. Бирок ошол эле учурда, башталгыч класстын окуучусу тышкы таасирге бат кабыл болуп, башкаларды туурап кетүүгө жөндөмдүү жана абдан ишенчээк болушат. Ошондуктан, мугалим балада жогорку адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышына жакшы таасирин тийгизүүчү шарттарды түзүшү керек [3;9].

Бул курактагы балдарда визуалдык-образдык ой жүгүртүүсү үстөмдүк кылат, алардын көңүлү бардык жаркын нерселерге бурулат, ошондуктан мугалимдер окуу процессте бул психологиялык кубулуштарга көңүл буруп, натыйжалуу окуу үчүн алардын эс тутумунун өзгөчөлүктөрүн дагы эске алуу керек. Башталгыч класстын окуучулары кичине көлөмдөгү тилдик материалды оңой жана бекем жаттап, аны жакшы калыбына келтире алышат.

Психологиялык өнүгүүнүн негизги этаптарынын бири – бул башталгыч класстын окуучусунун адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу. Өзү тууралуу түшүнүктөрү, жетишкендиктерин баалоо – бул окуучунун өзүн-өзү баалоосунун өзөгү, ал анын окуудагы ийгилигине эң чоң таасирин тийгизет. Өзүн-өзү баалоосу туруктуу жана көз карандысыз болуп калыптанганда, ал башталгыч мектеп окуучусунун ишмердүүлүгүн активдештирүү функциясын аткарат.

Окуучунун өзүн-өзү баалоосунан анын жетишкендиктери жана ийгиликсиздиктери дагы көз каранды. Өзүн-өзү баалоосу анын физикалык жана таанып билүүчүлүк активдүүлүгүнө, максатка жетүү мотивациясына, аны курчаган дүйнөгө кызыгуусуна, классташтары жана мугалими менен болгон өз ара мамилелерине таасирин тийгизет [10].


Т.Ю. Андрущенконун пикири боюнча, окуучулардын өзүн-өзү баалоосу ар кандай абалдарда жашоо туруктуулугун сактоого шарт түзүп, окуучуга өзү менен өзү болууга жардам берет. Адамдын өзүн-өзү түшүнүү, жакшы мамилелерди орнотууга жана ийгиликтүү коммуникацияга мүмкүнчүлүк берет, бул башталгыч класстын окуучулары үчүн, социалдык жаныбарлар катары, сөзсүз түрдө ишке ашырышы шарт [3].

Белгилүү психолог Л.С.Выготский адамдын өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу башталгыч мектеп курагында башталат деп эсептеген. Ал баланын өзүн-өзү баалоосу өзүнө болгон мамилесин, өзүнүн ишмердүүлүгүнүн, адамдар менен өз ара аракеттешүү тажрыйбасын камтыйт. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүн нормативдик критерийлердин көз карашы боюнча көзөмөлдөп, социалдык нормаларга ылайык өз жүрүм-турумун калыптандырууга мүмкүнчүлүк берген эң маанилүү жеке баскыч деп эсептеген [7].

Педагог-психологдордун пикири боюнча, мугалим башталгыч мектеп окуучусунун өзүн-өзү баалоосун калыптандырууда коюлган баанын маанисин өтө чоң экенин толук түшүнүшү керек. Мугалимдин баасы - окуучунун жеке өзүн калыптандырууга таасир этүүчү негизги факторлордун бири болуп саналат, ошондой эле окуу ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүнө да таасирин тийгизет. Мугалимдин баалоо ишмердүүлүгү көбүнчө мактоо формасында өтөт. Анын аракеттерине көңүл буруп, окуучунун жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө, аны окууда кыйынчылыктарга алып келген сапаттарын көрсөтүүгө жана тескерисинче, кайсы сапаттарынын натыйжасынан ийгиликтерди жаратып жатканы талданат [10].

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Макаланы жазууда эмпирикалык изилдөө жүргүзүлдү, ал өзүн-өзү баалоосун жана окуу мотивацияны аныктоого арналды. Изилдөө Талас облусунун, Ч.Айтматов районундагы, М. Орозбеков атындагы орто мектебинде жүргүзүлдү. Изилдөөгө 3-класстын 46 окуучусу катышты.

Изилдөөнүн биринчи этабында өзүн-өзү баалоосу аныкталды. Окуучулар вертикалдык шкала боюнча алты компонентке (акыл-ой, мүнөз, бакыт, жөндөмдүүлүк, ишенич, авторитет) өзүлөрүнүн жайгашуусун белгилеши керек болчу. Алты шкала боюнча кайра иштеп чыгуу жүргүзүлдү. Жооптор упайлар менен белгиленди. Натыйжалар көрсөткөндөй, 67 % окуучулардын өзүн-өзү баалосу төмөн (сүрөт 1.).





Сүрөт 1. Дембо-Рубинштейндин методикасы боюнча башталгыч класстын окуучуларынын өзүн-өзү баалоосунун деңгээли

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарга таянып, биз төмөнкү жыйынтыкка келдик: текшерилген 46 окуучунун 32,6 % (15 респондент) орто, башкача айтканда, адекваттуу өзүн-өзү бааласа, калгандары 67,3 % (31 респондент) өзүн-өзү төмөн баалашкан.

Экинчи этапта окуу мотивациясы аныкталды. Алынган маалыматтарга негизделген Н.Г.Лусканованын методикасы боюнча окуучулардын 57%ында төмөн мотивация басымдуулук кылганы аныкталды.

Үчүнчү этапта башталгыч класстын окуучуларынын таанып билүүчүлүк активдүүлүгүн аныктадык. Натыйжалар көрсөткөндөй, көпчүлүк (51%) респонденттерде орточо таанып билүүчүлүк активдүүлүгү аныкталды. Алар үлгү боюнча же мугалимдин түшүндүрмөсү менен тапшырмаларды жакшы аткарат. Ал эми 9% респонденттерде төмөнкү таанып билүүчүлүк активдүүлүк бар. Бул өзүн-өзү төмөн баалоо менен байланышып, мындай көрүнүш өз кезегинде окууга туура эмес мамилени калыптандырышы мүмкүн. Алардын кызыгуулар чектелген, суроолорду сейрек беришет, аз окушат жана эч нерсеге кызыкпайт.

Респонденттердин 40% жогорку таанып билүүчүлүк активдүүлүккө ээ. Бул окуучулар абдан активдүү, алар көп суроолорду беришет, китептерди окушат. Аларга айланасындагы бардык нерсе кызык, интеллектуалдык жана чыгармачылык жактан жөндөмдүү келишет. Мындан тышкары, алар билимдерди түшүнүү, эстеп калуу жана практикада колдонуу каалоосу менен мүнөздөлөт.




Сүрөт 2. Таанып билүүчүлүк активдүүлүктүн деңгээлдери

Төмөндө өзүн-өзү баалоо компоненттери менен окуудагы ийгилик ортосундагы корреляциялык байланыштарынын анализи жүргүзүлдү. Бул анализдин жыйынтыгы боюнча, акыл-эстин жана академиялык ийгиликтин, кадыр-барктын жана төмөнкү таанып билүү ишенимдүүлүгүнүн, жөндөмдүүлүктөрдүн жана академиялык ийгиликтин ортосундагы байланыштар аныкталды. Алынган коэффициенттердин баары оң мааниге ээ, бул алар арасында байланыштын бар экендигин билдирет.

**Талкуу жана жыйынтыктар:**

1. Акыл-эс жана академиялык ийгилик:

○ Акыл-эс жана академиялык ийгилик ортосунда r=0,28r = 0,28r=0,28 коэффициенти, p≤0,01p \leq 0,01p≤0,01 мааниси табылды, бул болсо биринчиден экинчисине болгон түз пропорционалдуу көз караштын бар экенин көрсөтөт, башкача айтканда, биринчи өзгөрмөнүн көрсөткүчтөрүнүн көтөрүлүшү экинчи өзгөрмөнүн көрсөткүчтөрүнүн жогорулашына алып келет.

2. Кадыр-барк жана төмөнкү таанып билүү ишенимдүүлүгү:

○ Авторитет жана төмөнкү таанып билүү ишенимдүүлүгү ортосунда r=0,245r = 0,245r=0,245 коэффициенти, p≤0,01p \leq 0,01p≤0,01 мааниси табылды, бул да түз пропорционалдуу байланыштын бар экенин билдирет.

3. Жөндөмдүүлүктөр жана академиялык ийгилик:

○ Жөндөмдүүлүктөр жана академиялык ийгилик ортосунда r=0,25r = 0,25r=0,25 коэффициенти, p≤0,01p \leq 0,01p≤0,01 мааниси табылды, бул байланыш да түз пропорционалдуу экенин көрсөтөт.

Андан кийин, өзүн-өзү баалоо жана окуудагы ийгилик ортосундагы байланыш бар экендигин тастыктадык.

Адекваттуу өзүн-өзү баалоону калыптандыруу үчүн башталгыч класстардын окуучуларынын арасында колдоо көрсөтүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү маанилүү, мында ар бир баланын жеке жетишкендиктерине басым жасалат. Дифференцияланган окуу, оң баалоо жана өзүн-өзү баалоо ыкмаларын колдонуу балдардын өзүн баалаганын жана өзүнө

болгон ишенимин күчөтүүгө жардам берет. Оюн жана чыгармачылык ыкмаларын колдонуу, ошондой эле топто иштөө таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатат жана позитивдүү өзүн-өзү баалоону өнүктүрөт [2].

Мындан тышкары, кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана балдарды оң мотивация менен колдоо маанилүү. Рефлексиялык көндүмдөрдүн тутуму жана жеке өзгөчөлүктөргө гана эмес, академиялык жетишкендиктерге да басым жасоо окуучуларга күч-кубаттарын туура баалоого жардам берет, бул өз кезегинде алардын мотивациясына жана өзүн-өзү баалоосуна оң таасирин тийгизет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Андрущенко Т.Ю. Психологические условия формирования самооценки в младшем школьном возрасте: Автореф. дисс. канд. психол. наук. — М., 1978.

2. Ансимова. Н. П. Развитие внимания и памяти младших школьников на уроках / Н. П. Ансимова., А. В. Смирнова. – Ярославский педагогический вестник: № 6 (117), 2020. – С. 127-138 с. – ISBN 1813-145X-2020-6-117.

3. Бардышевская, М.К. Диагностика психического развития ребенка: учебное пособие для вузов / М. К. Бардышевская. – 2-е изд., испр. и доп. – Москва : Издательство Юрайт, 2021. – 151 с.

4. Возрастная и педагогическая психология: учебник для вузов / Б. А. Сосновский [и др.] под редакцией Б. А. Сосновского. – Москва: Издательство Юрайт, 2021. – 359 с.

5. Волков Б. С. Младший школьник: как помочь ему учиться. / Б. С. Волков. – Москва: Академический Проект, 2004. – 142 с.

6. Выгодский Л.С. Собрание сочинений: Том 4. Детская психология / Л.С. Выгодский. – Москва: Книга по Требованию, 2021. – 431 с. – ISBN 978-5-458-36830-8.

7. Лебедева О.В. 1, Калинина И.В. Психологическая диагностика и развитие познавательных способностей первоклассников // Нижегородский психологический альманах. – 2021. – № 1 URL: psykaf417.esrae.ru/ru/26-316 (дата обращения: 29.05.2023).

8. Качкын уулу А., Токтогонова Д.Ж., Бактыбек кызы В. Кенже мектеп курактагы балдардын тынчсыздануусун коррекциялоо // «Наука и инновационные технологии» №2/2023(27), С. 142-149.

9. Костюченко А.В. Психодиагностика внимания: тесты и методики. Психология и право 5, №2, (2015): 45-58.

10. Мамонова Е.Б. 1, Широкова К.Е. Особенности познавательной и мотивационной готовности младших школьников при переходе на вторую ступень// Нижегородский психологический альманах. – 2017. – № 2.